КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЖЕРГЕТАЛ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГЕТАЛ
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
АЙМАК
ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

**2023-жыл 3-ноябрь №27** **Кызылтуу айылы**

**2023-жылга Талас райондук өнүгүү фондусу тарабынан аткарыла турган долбоорлор жөнүндө**

Жергетал айыл аймагынын 2022-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү стратегиялык планында көрсөтүлгөн иш-чарага ылайык 2023-жылга карата Талас райондук өнүктүрүү фонду тарабынан аткарыла турган долбоорлор жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап чыгып, Депутаттардын Жергетал айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.2023-жылга карата Талас райондук өнүктүрүү фонду тарабынан Жергетал айыл аймагында аткарылууга пландалып жаткан төмөндөгү долбоолор жактырылсын.
Алар:
- Көк Кашат айылынданы Молдояров Темирбек атындагы күрөш залына душ орнотуу,жылытуу системасын киргизүү жана капиталдык ондоодон өткөрүү долбоору ;
-Кызылтуу жана Көк Кашат айылдарынын ички арыктарына латок, щлюз орноту жана ички арыктарды механикалык жол менен тазалоо долбоору ;
-Кызылтуу айылындагы “Теке баатыр” күрөш залына душ орнотуу,чечинүүчү жай куруу жана күрөш килемин алуу долбоору;
-Байсейит уулу Эшманбет орто мектебинин айланасын курчоо долбоору;
-Айыл аймагындагы жаны трансформациядан өткөн жаңы конуштарга цемент мамы, трансформатор жана электр чубалгылары менен камсыз кылуу долбоору;
- Кызылтуу айылындагы Байсейит уулу Эшманбет орто мектебинин техикалык-материалдык базасын чындоо долбоору ;
- Айыл аймагына эгин оруп жыйноочу комбайын алуу долбоору.
-Кызылтуу айылындагы Элтаев Серек атындагы маданият үйүн капиталдык оңдоодон өткөрүү долбоору.

2.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакевке жүктөлсүн.

Төрага Ж.Молдояров